Ысык-Көл облусттук юстиция башкармасы
Юридикалык жак мамлекеттик
каттоодон
2018 ж. 08. 01
№ ГРЮ 0031033
Управление юстиции ... области
Произвед...
регистр...
08. 01 2018
Свидетельство № ГРЮ 0031033

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин камкорчуларынын «ҮМҮТ» коомдук бирикмесинин

# УСТАВЫ

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин камкорчуларынын «ҮМҮТ» коомдук бирикмесинин

# УСТАВЫ

1.Жалпы жобо.
2. Бирикменин укуктук статусу
3.Камкорчуларынын коомдук бирикмесинин функциялары
4. Бирикменин каражаттарынын жана мүлкүнүн булактары
5.Камкорчуларынын коомдук бирикмесинин милдеттери жана максаттары
6. Бирикменин башкаруу органы системасы
7. Бирикменин аткаруу орган
8. Ревизор (текшерүү комиссиясы)
9. Аудит
10. Бирикменин бөлүмдөрү жана өкүлчүлүгү
11. Бирикменин уставына өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү тартиби.
12. Бирикмени жоюу жана кайра уюштуруу

Бул камкорчуларынын коомдук бирикмеси жөнүндөгү уставы Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамын аткаруу жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мындан аркы тең башкаруунун түрүн өркүндөтүү анын ичинде, бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу менен ага көзөмөл кылуу максатында иштелип чыкты жана кабыл алынды.

## 1 . Жалпы жобо.

1.1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы Камкорчуларынын коомдук бирикмеси (мындан ары- коомдук бирикмеси)- юридикалык макамы жоктугуна карабастан, жалпы билим берүү уюмдарында тең башкаруучу, билим берүү уюмдарында белгиленген максаттарга жетүү үчүн көмөк көрсөтүүчү функцияларды ишке ашыруучу, ошондой эле, кошумча (бюджеттен тышкары) каражаттарды тартуучу, алардын максаттуу түрдө мектеп ишине ар тараптан көмөк көрсөтүүчү орган.

1.2. О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин камкорчуларынын коомдук бирикмеси (мындан ары бирикме) комерциялык эмес уюм болуп саналат. Бирикме юридикалык жактан статусуна, өзү мамлекттик катталган учурдан тартып, өз ишин жүргүзү боюнча укуктарга жана милдеттерге ээ болот жана сотто доочу жана жоопкер боло алат.

1.3.Демөөрчүлүк жардам-жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык жана окуу базасын колдоо үчүн юридикалык жана жеке тараптардын ыктыярдуу салымы.

1.4. Камкорчуларынын коомдук бирикмесинин мүчөсү- кайтарымсыз негизде взнос чогулат жана жалпы билим берүү уюмдарын тең башкарууда ыйгарым укукта иш жүргүзөт.

1.5. Камкорчуларынын коомдук бирикмесинин банктык эсеби - жалпы билим берүү уюмунун эсеби, ага демөөрчүлүк кылган жардамдардын негизинде түзүлөт. Жалпы билим берүү уюмуна жана анын жамаатына көрсөтүлүүчү ар кандай ыктыярдуу финансылык жардамдар аталган эсеп аркылуу жүргүзүлөт.
1.6. Бирикме өз алдынча балансқа, өзүнүн кыргызча жана орусча фирмалык аталышын камтыган мөөрү, штампы, банкта улуттук жана чет өлкөлүк валюта менен расчеттук ж.б. эсептерге ошондой эле фирмалык бланкага эмблемага ээ боло алат.

1.7. Юридикалык жак коомдук бирикме түрүндө түзүлөт.
1.8. Бирикменин толук расмий фирмалык аталышы
О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин камкорчуларынын «ҮМҮТ» коомдук бирикмеси
Кыргыз тилинде: О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин камкорчуларынын «ҮМҮТ» коомдук бирикмеси

Орус тилинде: Общественное объединение попечителей «ҮМҮТ» средней общеобразовательной школы имени О.Элебесова
Кыскартылган фирмалык аталышы:
А)мамлекеттик тилинде: О.Элебесов ж.о.б.б. м.к. «ҮМҮТ» к.б.
Б) орус тилинде: ОО п.с.о.ш. «ҮМҮТ» и О.Элебесова
Бирикменин жайгашкан жери Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ак-Суу району, Ново-Константиниовка айылы, Жумаш Агай көчөсү № 1.

**2. Бирикменин укуктук статусу**
2.1. Бирикменин иштерин укуктук жөнгө салу КР конституциясынын КР «Коммерциялык эмес уюмдар» жөнүндө мыйзамы дагы башка мыйзам, ченемдик, укуктук актылары жана бирикменин уставынын негизинде жүзөгө ашырылат.
2.2. Бирикме коммерциялык эмес уюм болуп саналат жана төмөндөгүдөй принциптер менен иш алып барат.

- Ыктыярдуу мүчөлүк
- Мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк
- Демократиялуу айкындуулук, актык жана коомдук пикирди эске алуу
- Бирикменин мүчөлөрүнүн таламдарын, окуучулардын кызыкчылыгын, ден соолугун коргоого жардамдашуу ж.б. маселелери чечүүдө коллегиялдуулук эркин талкуулоо
- Жашаган жери боюнча аймакташтык

2.3. Жаңыдан уюшулган бирикменин биринчи жалпы чогулушун бирикме түзүү боюнча демилгелүү топтун бири ачат
2.4. Бирикме алдыга койгон иш максаттарын ишке ашыруу боюнча өзүнүн стратегиялык планын кабыл алат жана аткарууга аракет кылат. Түшкөн пайдадан мектептин жалпы деңгээлин көтөрүүгө көмөктөшөт.
2.5. Бирикменин мүчөлөрү ыктыярдуу топко бириккен КРда тизмеге кирген жарандар бирикменин мүчөсү болот. Бирикменин мүчөсү болуп кайсыл

мамлекеттин жараны болбосун, эгер ал бирикменин максатына талаптарына макул болсо мүчө болуга мүмкүнчүлүгү бар.
2.6. Бирикме өзү алган милдеттерине жоопкер болот, мүчөлөрүнүн милдеттерине жоопкерчиликтүү болбойт.
2.7. Бирикмеге берилген мүлк бирикменин менчиги болуп эсептелинет.

## 3 . Коомдук бирикмесинин функциялары.

3.1. Камкорчулардын коомдук бирикмеси:

- жалпы билим берүү уюмунун өнүгүүсүн жана ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн бюджеттен сырткаркы каражаттарды тартууга көмөктөшөт;
-Бирикменин ар бир мүчөсү, ай сайын төлөнгөн взнос акчасын, өз калоосу менен мүчөлүктөн четтетилгенде кайтарылып берилбестигин шарттайт;
-жалпы билим берүү уюмунда конкурстарды, мелдештерди, жана башка массалык мектептен тышкаркы иш чараларды уюштурууга көмөктөшөт;
-Бирикменин өздүк взносу ай сайын акча түрүндө же өзүлөрүнүн макулдугу менен төлөнүшүн шарттайт;
-жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык- техникалык базасын чыңдоого, мектептин имаратын жана айлана тегерегин көрктөндүрүүгө көмөктөшөт;
-жалпы билим берүү уюмунун иш аракеттеринин так иштөөсүн жогорулатууга багытталган демилгелерди талдайт жана көрсөтөт;
-Ата-энелер комитетинин ишине түздөн- түз кийлигишет жана жардамдашат;
-жалпы билим берүү уюмунун уставында Камкорчулардын компетенциясына кирген ар кандай суроолорду карайт;

3.2.Камкорчуларынын башка башкаруу органдарынын компетенциясына кирген ишмердүүлүктөрдөн сырткары, жалпы билим берүү уюмунун өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруусуна байланышкан суроолорду карап чыгууга укуктуу.

- Жашоо шарты начар коомго туура келбеген үй-бүлөөлөрдүн балдарын ар түрдүү мектептерге тартуу жана мектепте кружокторду ачууга көмөктөшүү,
- Курстарды уюштуруу, мугалимдердин кызыкчылыгын коргоо, балдардын эс алуусун демилгелөө, социалдык гуманитардык проблемалар менен күрөшүүдө жана программа, долборду түзүү жана ишке ашыруу.
- Балдарга кандай формада болбосун жасалган агрессия, зордук эомбулукка каршы багытталган ар түрдүү проекти, программаларды түзүү жана ишке ашыруу.
- ВИЧ/СПИД проблемалары боюнча ар түрдүү программаларды түзүү, акцияларды өткөрүү аларга катышуу.
- Бирикменин бюджеттен тышкары ишкердүүлүгүн КРнын “Коммерциялык эмес уюмдар” жөнүндөгү мыйзамына ылайык иштетүүгө укугу бар.
- Киреше бирикменин алдына коюлган максат маселелерине жетишүү үчүн Уставда көрсөтүлгөндөй жумшалат.

3.3. Бирикме өзүнүн маселелерин аткаруу максатында төмөндөгүлөргө укукту
А) Мамлекеттин жана коомдук уюмдарга өз мүчөлөрүн коргоо жана кызыкчылыгын талап кылууга
Б) Өз идеаларын максаттарын эркин үгүттөөгө
В) Мектептеги өндүрүш жана чарбачылык иштерди ишке ашыруу окутуу ж.б
Г) Бирикменин мүлктөрүнө ээ болуу, пайдалануу, жумшоо, келишимдерди жасоо, эгерде аларга КР мыйзамдуулугу жол берсе
Д) Чет мамлекеттик республикалык эл аралык уюмдарга барып катышуу. Эгер алардын ишкердүүлүк максаттары окшош болсо.
Е) Мыйзам жыйындарын каршы келбегендей, бирикме келишимдерди түзүүнү милдетенмелерди ж.б. чарбалык штаттарды түзүүнү эркин тандайт.
Ж) Коюлган максаттарга жетишүүгө ишкердүүлүктү ишке ашырууга, мектеп талаптарын жогорулатууга, окуу программасын кызыкчылыктарын коргоо, семинарларды пресс конференцияларды ж.б. маалымат жыйындарын өткөрүүгө укукту
З) Жалпы билим берүү уюмунда конкурстарды мелдештерди ж.б мектептен сырткары иш чараларды уюштурууга
И) Ата-энелер комитенин иш чаларын уюштурууга
К) Жалпы билим берүү уставында Камкоочулардын компетенциясына кирген ар кандай суроолорду кароого
3.4. Камкорчуларынын бирикмесинин башка башкаруу органдарынын компетенциясына кирген ишмердүүлүктөн сырткары жалпы билим берүү уюмунун өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруусуна байланышкан суроолорду карап чыгууга укуктуу

## 4. Бирикменин каражаттарынын жана мүлкүнүн булактары

4.1. Бирикменин иштери финансылык материалдык рессурстарынан, өзүнүн кирешелеринен кенешке кирген мүчөлөрдүн взносторунан жана башка кирешелердин эсебинен камсыздалат.

- Өз каалоосу менен берилген каражаттардан, жекече адамдардын, уюмдардын, эл аралык уюмдар тарабынан берилген каражаттардан.
- Жергиликтүү фирмалар фонддор, институттар жана жекече адамдардан алынган гранттар
- Ишкана уюмдардын балансынан, менчиктин кандай формада болбосун, бирикменин балансына өткөрүлгөн материалдык баалуулуктар, мүлктөр алардан алынган акча каражаттарынан
- Бирикменин чарбачылдык өндүрүштүк ишкердүүлүк кирешелеринен

4.2. бирикменин каражаттары пайдаланылат.

- Бирикменин уставдык маселелерин аткарууга
- Бирикменин өздүк фондусу кобойгон учурдан баштап, бирикменин кызматкерлеринин эмгек акысына
- Жалпы билим берүү мекемесинин бардык керектүү маселелерине
- КР мыйзамына каршы эмес ишмердүүлүгүнө керектүү чыгымдарга
- Атайын талап уруксат талап кылуучу чыгымдарга

- Бирикме бул ишмердуулүктү ишке ашырат, эгерде бул ишмердуулукко лицензия алууга шарты болсо

4.3. Бирикменин ишкердүүлүгүн өткөрүүгө керектүү Уставта айтылган мүлктөр акча каражаттары, акциялар, баалуу кагаздар

4.4. Өндүрүштүк, чарбалык жана башка коммерциялык ишкердүүлүктү өткөрүү үчүн Бирикме юридикалык статусу бар КР нын мыйзамдарында белгиленген уюмдарды түзүүгө укукту. Өндүрүрштүк, чарбачылак ишкердүүлүктөр түшкөн кирешелер Уставка ылайык бирикменин идеяларын жана маселелерин ишке ашырууга жумшалат.

**5. Бирикменин мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери.**

5.1. Коомдук бирикмесинин негизги максаты бул - билим берүү уюмунун уставдык функцияларын ишке ашыруу, материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган уюмдардын жана жеке жарандардын биргелешкен аракеттерин бириктирүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюму тарабынан бюджеттен сырткаркы каражаттарды максатуу колдонуусун көзөмөлдөө, мектепте социалдык маселелерди чечүүгө жардам берүү

5.2. Камкорчу кеңеши коомдук бирикмесинин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:
-жаштарга жана Бирикме мүчөлөрүнө укук таануу жактан жаржам берүү
-демөөрчүлүк жардамдарды жана гранттарды максатуу жана рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;
-мектепке спорттук жайларды куруудa ишмердүүдүлүктү уюштурууга жардам берүү
-жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого, жакшыртууга, анын айлана тегерегин жана имаратын көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү ;
-билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртууга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоого көмөктөшүү
-айыл калкына потенциалын жогоруулатуу да семинар тренингдерди окууларды өткөрүү;
-окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;
-Бирикменин максатына ылайык баракчаларды жана буклеттерди чыгаруу;
-жалпы билим берүү уюмунун өнүгүү стратегиясын жана миссиясын аныктоого көмөктөшүү;
-Инвестиция тартуу боюнча иш жүргүзү
- камкорчулардын өзүнүн отчётун берип турууга милдеттүү;
-Кайрымдуулук иштерин жүргүзүү

5.2. Бирикменин мүчөсү кылып кабыл алуу- жекече арыз мүчөлүккө кабыл алуу боюнча бирикменин башкармасынын, ата-энелердин чогулушунун чечиминин негизинде кабыл алынат. Чечим башкармалыктын мүчөсүнүн жана ата-энелердин чогулушунун үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат,

мүчөлүк жана кирүү взностордун өлчөмү аларды төлөө мөөнөтү мүчөлөрүнүн жалпы жыйынында бекитилет.

5.3. Бирикменин мүчөлүгүнө чыгуу мүчөлүккө кабыл алуу тартибинде жүргүзүлөт.

5.4 Бирикме мүчөлүгүнөн өз арызы менен же Уставдын талаптарын аткарбаган, мүчөлүк аксын төлөбөгөн жана башка Бирикменин талаптарына туура келбеген аракеттер үчүн КР мыйзамдарына ылайык чыгарылышы мүмкүн

5.5 Бирикме мүчөлөрү төмөндөгүдөй укукка ээ

а) Бирикменин ишкердүүлүгүнө программалык иш чараларга Уставка ылайык катышууга

б) Бирикменин ишкердүүлүгүн жакшыртууга сунуш киргизүүгө

в) Бирикменин ишкердүүлүгү боюнча жалпы жыйналыш түзгөн тартипте маалыматтарды алууга

г) Бирикменин башкаруу органдарына шайланууга жана шайлоого

д) бирикменин милдеттери боюнча, мүчөлөрү материалдык ж.б жоопкерчиликти өзүнө албайт.

5.6 Бирикменин мүчөлөрү милдеттүү

а) Уставдын жоболорун аткарууга

б) Бирикменин максатына ылайык сунуш киргизүүгө

в) Бирикменин иштерине колдоо көрсөтүүгө

г) Башкаруу органдарынын чечимдерин аткарууга

д) Бирикменин мыйзамдуу кызыкчылыктарына моралдык жана материалдык зыян келтирүүчү укукка каршы иш аракеттерди жасоодон баш тартууга.

**6. Бирикменин башкаруу органы системасы**

6.1 Бирикменин башкаруу органы төмөнкүлөр

- Бирикменин жалпы жыйыны - жогорку органы
- Бирикменин төрагасы
- Текшерүү комиссия (ревизор)

Коомдук бирикменин жогорку органы анын баардык мүчөлөрүнөн турган жалпы чогулуш болуп саналат. Эгерде чечимди кабыл алууда мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси катышса жалпы чогулуштун кворуму болот

Төмөнкү маселелер жалпы чогулуштун гана компетенциясын түзөт.

Уставка өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү

Бирикмеге кабыл алуу жана андан чыгаруу

Башкаруу органдарын түзүү тартиби

Иш жөнүндө жылдык отчетту жана балансты бекитүү

Филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү түзүү чечими

Ишке башка юридикалык жактардын катышуусу

Кайра уюштуруу жана жоюу

Устав тарабынан Бирикменин башка органдарынын компетенциясына таандык кылынган башка маселелер .

6.2 Жалпы жыйынга төраганын билдирүүсү менен мүчөлөрүнө жыйын боло турган күнү, сааты жана жайы белгиленген чакыруу баракчалары дайын болоордон бир жума мурун таркатылат, чакырууда каралган маселелердин тизмеси жазылып, эгерде мүчөсү келе албаса кат жүзүндө өз оюн башкармалыкка билдирсе болот.

**7. Биркменин аткаруу орган**

7.1 Бирикменин аткаруу органы болуп Бирикменин төрагасы саналат

7.2 Төрага Бирикмени жалпы жыйынында 3-жылдык мөөнөткө шайланат.

7.3 Төрага жалпы жыйынды чакырат, жыйын үч айда бир жолу чакырылат, зарылдыгына жараша кезексиз чакырылат, жыйынга башкармалыктын үчтөн экиси катышса кворум болот.

7.4 Төраганын укугуна төмөнкүлөр кирет

- Бирикменин өнүгүү планын жана программасын иштеп чыгуу жана аткаруу.
- Бирикменин Уставына кошумча алымчаларды иштеп чыгуу жана аткаруу
- Ички иш регламенттерин иштеп чыгуу жалпы жыйынга сунуштоо
- Жалпы жыйынга отчет берүү . Отчет убактысы бир жыл
- Жылдык баланс отчету жана өнүгүү план программаларын кабыл алууга тийиш.

7.5 Төрага жалпы жыйындын чечими менен чакырылышы мүмкүн, эгерде Уставды жана КРнын мыйзамдарын бузса, мындай учурда төрага кайра шайланат.

7.6 Төрага жалпы жыйынга гана баш ийет

7.7 Төрага төмөндөгүдөй укук милдеттерге ээ .

- Бирикмени жетектейт жана аны башкарат
- Бирикменин чарбачылыгын өндүрүшүн жетектейт
- Уставга ылайык кадр, ишмердүүлүк саясатын жүргүзөт
- Банкта бухгалтердик иш кагаздарда жана башка финансы чарба иш кагаздарында биринчи кол тамгага ээ
- Ишеним катсыз Бирикменин кызыкчылыгы үчүн мамлекеттик органдарда коомдук бирикмелер, ишкерлер менен мамиле түзүүгө укуктуу
- Бирикменин атынан бардык укук мамиле , ошондой эле сырткы экономикалык келишим түзүүгө укуктуу
- Бирикменин штатын түзөт эмгек акы төлөө жолун аныктайт.
- Эмгек келишимин түзөт жумушка кабыл алат жумуштан бошотот
- Ишеним кат берет, банктта эсеп жана башка счетторун сом менен жана чет валюта менен ачат
- Төрага компетенция чегинде буйрук берет, Бирикменин штат кызматкерлери үчүн башкаруу чечимин кабыл алат
- Жалпы жыйынга коюучу маселелерди аныктайт жана сунуш кылат, чогулушту чакырат жана алып барат

**8. Ревизор (текшерүү комиссиясы)**

8. Ревизор бирикменин жалпы жыйынында үч жылдык мөөнөткө шайланат
8.1 (Ревизор) – (текшерүү комиссиясы) болгон учурда анын төрагасы, жетектеп иш алып барат
8.2 Коомдук башталышта иш жүргүзүшөт
8.3 Ревизор (текшерүү комиссия) Бирикмени башкармалыгынын финансы чарба иштерин көзөмөлдөйт
8.4 Бирикме башкармалыгынын балансасынын бир жылдык ишмердүүлүгүн аныктап жалпы жыйынга сунуш кылат
8.5 Ревизор (текшерүү комиссиясы) жыл сайын жалпы чогулушка отчет берет
8.6 Бирикмени башкаруу алардын компетенциясы , шайлоону чакыртып алуунун тартиби, кызмат адамдарынын жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте аныкталат.

## 9. Аудит

9.1 Зарыл болгон учурда Бирикменин уютуруучуларынын кезектеги жыйыны өтүп жаткан финансалык көз карандысыз текшерүүчүнү (Аудиторду) дайындай алат
9.2 Бирикменин уюштуруучусу Бирикменин байкоочу кенешинин курамындагы адам текшерүүчү боло албайт
9.3 Ар бир финансалык жыл аяктаганда, текшерүүчү финансалык отчеттун иш кагаздарын, даяр болгон финансалык,бухгалтердик жазууларды жана счеттерду ошондой эле кассадагы нак акчаларды жана байлыктарды текшерет. Ушул Уставдын талаптарынын негизинде каражаттардын максаттуу пайдаланылышы да текшерилет
9.4 Бирикменин уюштуруучуларынын жана байкоочу кенешинин чечими менен финансалык жылдын өтүп жаткан мезгилинде кошумча текшерүү жүргүзүлүшү мүмкүн
9.5 Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ( кезектеги же кезексиз) текшерүүчү уюштуруучуларга отчет тапшырат

## 10. Бирикменин бөлүмдөрү жана өкүлчүлүгү

10.1 Бирикме КРнын аймагында өзүнүн бөлүмдөрүн жана өкүлчүлүктөрүн түзө алат.
10.2 Филиалдын жетекчисин Бирикменин төрагасынын сунушу менен башкармалык жана Координациялык кенештин кошмо чогулушу шайлайт. Филиалдын жетекчиси КРнын аракеттеги мыйзамдарынын ушул Уставдын жана филиал жөнүндөгү жобонун негизинде иш жүргүзөт.
10.3 Бирикме тышкы байланышты ишке ашыруу үчүн республикадан тышкары жерлерде өзүнүн өкүлчүлүгүн түзө алат. Өкүлчүлүктүн жетекчиси Бирикменмн төрагасынын сунушу менен башкармалык менен Координациялык кенештин кошмо жыйынында бекитилет жана КРнын аракеттеги мыйзамдарынын , ушул Уставдын жана өкүлчүлүк жөнүндөгү жобонун жана башкармалыктын ишеним катынын негизинде иш жүргүзөт.

## 11. Биркменин уставына өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү тартиби.

11.1 Бирикменин Уставын өзгөртүү төмөнкү учурларда жүргүзүлөт

- Бирикменин үчтөн эки мүчөлөрүнүн демилгесинин сунушу болгондо
- Башкармалыктын сунушу менен .

11.2 Уставга өзгөртүү сунушу башкармалыкка жалпы жыйындын күн тартибине киргизүү үчүн жөнөтүлөт

11.3 Бирикменин башкармалыгынын өзгөртүү сунушу бир айлык мөөнөткө Бирикменин мүчөлөрүнө таркатылып талкууланат. Талкуу бүткөн мөөнөттө жалпы жыйындын күн тартибине киргизилет.

11.4 Уставга өзгөртүү киргизүү жалпы жыйында көпчүлүк добуштун макулдугу менен кабыл алынат жана чечим чыгарылат

11.5 Уставдын өзгөртүүлөрү мыйзамга ылайык каттоодан өтөт.

## 12. Биркмени жоюу жана кайра уюштуруу

12.1 Бирикменин ишин токтотуу, кайра түзүү же жоюу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт.

Бирикме төмөнкү учурларда жоюлат

- Бирикменин жалпы жыйынын чечими менен
- Соттун чечими менен

12.2 Бирикмени жоюулушу жалпы жыйындын чечими менен жүргүзүлөт.

12.3 Бардык башкаруу бийлиги жоюу комиссиясы түзүлгөн учурдан башталып өтөт .

12.4 Эгер кайра түзүлсө бардык мүлк жана бөлүштүрүү балансасы түзүлгөн Бирикмеге өткөрүлөт.

12.5 Кайра түзүлгөн учурда Бирикменин жалпы жыйынында өткөзүү актысы жана бөлүштүрүү балансасы бекитилет, жана кайра түзүү чечими менен жаны уюшулган жактар юридикалык тарап менен мамлекеттик каттоодон өтөт.

12.6 Бирикменин жоюлган учурунда кредиторлордон кутулгандан кийин калган каражатт Уставта көрсөтүлгөн максатта жумшалат.

12.7 Бирикменин жоюлушу мамлекеттик каттоодон юридикалык жак каттоо органдын буйругу чыккандан кийин токтотулат.

12.8 Бирикменин иш кагаздары КРнын “Улуттук архивдик Фонду” мыйзамына ылайык архивге өткөрүлөт

Төрайым: Усубакунова К.С

Ысык-Кол областтык юстиция башкармасы
Номе... ... ... ... жана меөр
басы... ... ... 10 ... барак
20...
Управление ... ... области
Всего про... ... ... ... и
скреплено ... ... на 10 листах
«08» 01 2018 г.